«БЕКИТЕМИН»
Кыргызстан ислам университетинин
Окуу-усулдук кеңешинин төрагасы
Исмаилов А.А.

_______________

“ 29 ” _______ 2019-ж.

**Факультеттин (кафедранын) окуу-усулдук кеңеши жөнүндөгү**
**Ж О Б О**

**1. Жалпы жобо**

1.1. Факультеттин окуу-усулдук кеңеши деканаттын жана факультеттин курамындагы кафедралардын окуу жараянын окуу-усулдук жактан камсыздоо маселери боюнча ишмердүүлүгүн жөнгө салуу жана факультеттеги кафедралардын жана деканаттын усулдук иштерин уюштуруу максатында түзүлөт.

1.2. Факультеттин окуу-усулдук кеңеши Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн аныктоочу нормативдүү актылардын, Кыргызстан ислам университетинин (мындан ары – КИУ) уставынын Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагына тиешелүү мыйзамдардын, КИУ ректорунун буйруктарынын, окуу иштери боюнча проректордун жана университеттин окуу-усулдук кеңешинин тапшырмаларынын негизинде өз ишмердүүлүгүн жетекчиликке алат.

1.3. Факультеттин окуу-усулдук кеңеши КИУнун Окумуштуулар кеңешинин, КИУнун окуу-усулдук кеңешинин жана факультеттик кеңештин жетекчилиги астында университеттин, факультеттин иш планына ылайык бир жылдык иш пландын негизинде өз ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

1.4. Кеңештин курамы кафедранын кесипкей, тажрыйбалуу окутуучуларынан турат жана факультеттин деканына баш ийет.

1.5. Окуу-усулдук кеңешти окуу-усулдук кенештин төрагасы жетектейт. Факультеттин деканы жана кафедра башчы өзүнүн кызматтык абалынан пайдаланып, окуу-усулдук кеңештин төрагасынын ишине кийлигише албайт.

1.6. Факультеттин окуу-усулдук кеңешинин төрагасы жана курамы бир жылга шайланат жана факультеттин деканынын буйругу менен бекитилет.

**2. Факультеттин окуу-усулдук кеңешинин максаттары жана милдеттери**

2.1. Окуу-усулдук кеңештин негизги максаты факультеттеги окуу-усулдук иштердин эффективдуулугун жогорулатуу үчүн университет сунуштаган жогорку сапаттагы билим берүүчулук кызматты ке;сетуу жана окуу процессии окуу-усулдук жактан камсыздоо болуп саналат.

2.2. Ушул максаттарга жетүү үчүн окуу-усулдук кеңеш өз алдына төмөнкү милдеттерди коёт:

- окуу-усулдук ишмердуулукке тиешелуу болгон университеттин ички стандарттарын жана окуу-усулдук иш кагаздарын даярдоого катышуу;

- билим берүү программаларынын окуу, окуу-усулдук жактан камсыз болушун талдоо жана сунуштарды берүү;

- усулдук көмөк көрсөтүү менен бирге факультеттеги окуу процессинин сапатын көземелдөө, жаш окутуучуларга усулдук жардам берүү;

- факультеттеги (кафедрадагы) окуу-усулдук иштердин алдыңкы тажрыйбаларын уйренуу, енуктуруу жана жайылтуу;

- AVN программасынын талаптарына ылайык окуу-усулдук эмгектерди талкуулоо жана порталга жайгаштыруу боюнча сунуштарды берүү.

**3. Окуу-усулдук кеңештин кызмат милдеттери**

3.1. Факультеттин окуу-усулдук кеңеши университеттин окуу-усулдук кеңешинин чечимдерин ишке ашырат.

3.2. Факультеттеги (кафедрадагы) билим берүү программаларын, окуу пландарын тузууге, билим берүүнун максат, милдеттерин, кутулуучу натыйжаларын аныктоого катышат.

3.3. Окуу-усулдук ишмердуулукке байланыштуу университеттин билим берүү саясатын енуктурууге жана иштеп чыгууга катышат.

3.4. Окуу дисциплиналарынын жана практикалардын программаларын, окуу-усулдук керсетмелерду, окуу-усулдук колдонмолорду алдын-ала карап чыгып, алардын мамлекеттик билим берүү стандартына жана билим берүү программасынын мазмунуна ылайык келерин аныктайт.

3.5. Тандоо курстарынын (атайын курстардын жана атайын семинарлардын) тематикаларын талдап чыгат жана аны окуу процессине киргизүүгө сунуш берүү боюнча жыйынтык чыгарат.

3.6. Кафедралардын окутуучулары тарабынан басмага даярдалган окуу жана окуу-усулдук материалдарды алдын-ала текшерүүден өткөрөт:

- даярдалган материалдардын окуу планына ылайык келе тургандыгын текшерет;

- көрсөтүлгөн тираждын студенттердин контингентине туура келе тургандыгын карайт;

- даярдалган кол жазмаларды чыгаруунун зарылдыгын, максаттуулугун аныктайт; талкуунун негизинде басмадан чыгарууга сунуштоо боюнча чечимдерди даярдайт.

3.7. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу боюнча кафедралардын усулдук ишмердүүлүгүн жетекчиликке алат.

3.8. Курстук иштердин тематикаларын талдайт, аны бекитүүгө чечим берет.

3.9. Кафедралардын жана окутуучулардын предметтер аралык байланыш маселелери боюнча өз ара карым-катнашын камсыздайт.

3.10.Факультеттин профессордук-окутуучулук курамын актуалдуу, зарыл болгон усулдук иш кагаздары менен камсыздайт.

3.11 .Илимий-усулдук конференцияларды жана семинарларды уюштурууга жана еткерууге катышат.

3.12. Факультеттин (кафедралардын) окутуучуларынын алдыңкы тажрыйбаларын окуп-уйренет, жайылтат жана сунуш кылат.

3.13. Дисциплиналарды окутуунун сапатын текшерүүнү, студенттердин агымдык жана жыйынтык билимине текшерүү жургузууну жана көземелдеену уюштурат, жаш окутуучуларга усулдук жардам көрсөтөт, ошону менен бирге окутуучулардын сабактарына

өз ара катышуунун графигин түзөт, сынактарга, тестирлөөгө (тандалган предметтерден) текшерүү жүргүзөт.

3.14. Факультет менен университеттин окуу-усулдук башкармалыгынын байланышын жүргүзөт.

3.15. Факультеттин өзүн-өзү текшерүүсүн жүргүзүүгө катышат.

## 4. Окуу-усулдук кеңештин мүчөлөрүнүн милдеттери жана укуктары

4.1. Окуу-усулдук кеңештин мүчөлөрү теменкулерге милдеттуу: жобо менен иш жургузууге; окуу-усулдук иштерге активдуу катышууга жана ага тапшырылган иштерди аткарууга; кеңештин жыйындарына катышууга.

4.2. Окуу-усулдук кеңештин мүчөлөрү теменкулерге укуктуу: факультеттин (кафедралардын) окуу-усулдук иштеринин уюштурулушу боюнча сын-пикирлерин билдирууге; кафедраларда даярдалган окуу-усулдук эмгектерди окуу-усулдук кеңештин кароосуна киргизүүгө; кеңештин ишин жакшыртуу боюнча сунуш-пикирлерин билдирууге; окуу-усулдук кеңештин ишине университеттин илимий кызматкерлерин жана башкы адистерди катыштырууга; факультеттин (кафедранын) окутуучуларынын сабактарына график боюнча катышууга; факультеттин (кафедранын) өзүн-өзү текшерүү жургузуу боюнча тузулген комиссиянын курамына кирүүгө; илимий-усулдук конференцияларга, семинарларга катышууга.

4.3. Окуу-усулдук кеңештин терагасы): окуу-усулдук кеңешке жетекчилик кылууга; окуу-усулдук кецещтин иш планын тузууге, кеңештин чечимдерин жана сунуш-пикирлерин иштеп чыгууга; кеңештин жыйындарына катышууга жана жетектөөгө; кафедраларда даярдалган окуу жана окуу-усулдук эмгектерди экспертиза жургузуу үчүн университеттин окуу-усулдук кеңешине сунуштоого; окуу-усулдук иштердин жыйынтыгы боюнча окуу жылдын аягында факультеттин кеңешинде маалымат-отчетун берүүге милдеттуу.

## 5. Окуу-усулдук кеңештин ишин уюштуруу

5.1. Факультеттин окуу-усулдук кеңеши факультеттин кеңеши тарабынан бекитилген иш планга ылайык өз ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

5.2. Окуу-усулдук кеңештин терагасы факультеттин жыйынында шайланат.

5.3. Кеңештин жыйыны планга ылайык ар бир айда жыйын өткөрөт.

5.4. Кеңештин чечимдери жана сунуштары ачык добуш менен кабыл алынат.

5.5. Окуу-усулдук кеңеш бир жыл ичинде аткарган иштери боюнча отчетун берет, отчет факультеттин Окумуштуулар кеңешинде каралат жана бекитилет.

## 6. Жыйынтыктоочу жобо

6.1. Факультеттин окуу-усулдук кеңешинин жобосу университеттин Окуу-усулдук кеңешинде кабыл алынат жана бекитилет.

6.2. Керектүү учурда жобого кошумчаларды жана өзгөртүүлөрдү киргизүүгө болот.

6.3. Жобого киргизилген кошумчалар жана өзгөртүүлөр университеттин окуу-усулдук кеңешинде каралат жана бекитилет.

**Түзгөн:**
**Гуманитардык билимдер**
**факультетинин деканынын м.а. Ш. Исмаилов**